# Анита Заидинин БАУнун 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрүнө кайрылган куттуктоо сөзү

Урматтуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим Министри Иманалиев Каныбек Капашевич!
Урматтуу Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана Илим Министри Саидзода Рахим Хамро!
Урматтуу Нарын облусунун губернатору Алтынбек Эргешов!
Урматтуу Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун губернатору Мирзанабот Алишер Худоберди!
Урматтуу Ханбийке Зара Ага Хан!
Урматтуу Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы, доктор Шамш Кассим-Лакха!
Урматтуу Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү!
Урматтуу Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы Максим Хомяков!
Урматтуу БАУнун окутуучулары жана кызматкерлери!
Кымбаттуу ата-энелер жана үй-бүлө мүчөлөрү!
Ардактуу меймандар!
Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр!

Мени бул салтанаттуу аземге чакырганыңыздарга рахмат айтмакчымын! Бул жылы бүтүрүү аземинде куттуктоо сөзүн сүйлөө мен үчүн чоң сыймык.

Борбордук Азия Университетинин 2023-жылдагы бүтүрүүчүлөрүнө айтаарым: Куттуктайм! Силер муну жасай алдыңар. Бүгүн силердин күнүңөр. Силер чындап эле кубанычтасыңар деп ишенем.

Бүгүн менде 2 маселе болду. Биринчиден, туура кийинүү. Мен Вашингтон штатындагы Сиэтл шаарында жашайм. Ал шаарда жинсы кийүү мода деп эсептелет. Ошондуктан мен бул кийимге (***өзү кийип турган кийимди көрсөтүп***) көнгөн эмесмин.

Менин экинчи маселем – силердин жашоо сапарыңардын кийинки баскычындагы ийгиликтерге жетишиңерге жардам бере турган акылмандуулукту бөлүшүү. Мен өзүмдүн жашоом менен эмгек жолумда балдардын өлүмүнө алып келген жугуштуу оорулар менен күрөшүүгө, ал эми азыркы учурда ошондой эле дүйнөдө гендердик теңдикти орнотууга көбүрөөк багытталган сабактарды алып келе жатам.

Бүгүн мага берилген тапшырма өтө чоң маселе. Бул өзгөчө татаал, анткени кантип ийгиликке жете ала турганыңарды силер билип турасыңар. Силер ушул улуу тоолордун койнунда кара мантия жана салтанаттуу азем кийимиңерди сыймыктануу менен кийип, дипломуңарды алыш үчүн биздин алдыбызда олтурганыңардын өзү ошонун далили болуп эсептелет. Силердин төрттөн бир бөлүгүңөр анча чоң эмес айыл-кыштактарда туулуп өстүңөр. Силердин көбүңөр, миңдеген болбосо да, жүздөгөн чакырым алыстыкта жашайсыңар. Силердин жарымыңарды айымдар түзөт. Кээ бирөөңөр бул жакта сабак өтүлгөн тилден башка тилде окууну окугансыңар жана ошол тилде үйдө сүйлөйсүңөр. Бирок силер акыркы жылдары кайратыңардан жазбай бекем туруп бердиңер. Силер пандемия мезгилинде көп таалим алдыңар. Силер аймактарда көтөрүлгөн

көйгөйлүү маселелерди эркин талдаганды үйрөнө алдыңар. Сыйлык катары илимди жана досторду таптыңар. Кечки сабактар, хакатон, кулинардык мелдештер, кампустагы концерттер, рамэн жеген жарыштар аркылуу силер өмүр бою улана турган тыгыз байланыштарды түзө алдыңар.

Силер оор жумуш эмне экенин жана жан аябагандык кандай боло турганын билесиңер. Ошондой эле силер жемиштерди жеш керек экенин, төшөнчүңөрдү жыйноону билесиңер. Улууларды урматтоону, кең пейил болууну...баарын билесиңер.

Эмесе, мен силерге эмне жөнүндө бөлүшө алам? Кээ бир кызыл тилдүү чечендер бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу аземинде алар эмнеге өкүнгөндөрүн саймедиреп айтып беришет. Жашоодо кетирген каталары жөнүндө. Бирок мен түбөлүктүү оптимистмин. Мен өзүмдүн ишим менен алек болууга тийишмин. Аялзаты үчүн, балдар үчүн, натыйжада бардык адамдар үчүн дүйнөнү эң сонун кылып өзгөртүүм керек. Эми мен силер менен жашоону кантип максаттуу, маңыздуу жана кубануу менен өткөрүү тууралуу өзүм өздөштүргөн турмуштук сабактарды бөлүшкүм келет.

2023-жылдын бүтүрүүчүлөрү болгон силерди карап туруп, мен өзүңөрдүн курагыңардагы башка бүтүрүүчүлөрдөн дагы алдаганча көбүрөөк дүйнөнү өзгөртө турган 76 бүтүрүүчүнү көрүп турам. Силер бул аймактарды гүлдөтүп өнүктүрүүгө көмөктөшүү максатында түзүлгөн бул университеттин үчүнчү бүтүрүүчүлөрүсүңөр. Бул эң сонун миссия. Мен силерди ушуну эске түйүп алууга жана каякка гана барбагыла аны аткарууга күч-аракетиңерди жумшоого чакырам. Эгерде айтканым катуу тийбесе, мен силерден өзүмдүн чагылган элесимди көрүп жатам.

Мындан анчалык деле көп эмес жылдар мурун 1988-жылы Пакистандагы Ага Хан Университетинин медик-студенттеринин алгачкы бүтүрүү аземинин мүчөсү болгон элем. Менин жана чогуу окуган баардык курдаштарымдын да зор кыялдарыбыз бар эле. Биз маанилүү иштерди жасагыбыз келген. Мен балдардын дарыгери, педиатр болгон соң балдарга жардам берейин деген ниетим бекем эле.

Бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу аземинен кийин бизде Улуу даражалуу ханзаада Карим Ага Хан менен жолугушууга мүмкүнчүлүк болду. Биз ага көп суроолорду бердик. Пикир алышуунун өзү мага өтө катуу таасир калтырды. Биз мындай суроо бердик: “Ага Хан Университетинин Медициналык колледжинин биринчи врач-бүтүрүүчүлөрү катары бизге кандай өзгөчө кайрылууңуз бар?”. Ал бизге мындай жооп берди: “Пакистанга кызмат кылгыла!”.

Болгону ушул гана. Эки сөз. Ушул эки сөз өмүр бою эсимде калды.

Университетте бизди акыл toktотуп ойлонгон лидерлер жана дүйнөнүн жоопкерчиликтүү жарандары болууга үйрөтүшкөн. Мен үчүн Улуу даражалуу Ага Хандын сөздөрү бул билим үчүн алдын ала төлөп коюуга шыктандырды. Менин чоң максаттарым бар болчу. Дагы деле кыялданам. Бирок бул сөздөр менин кыялдарымды дагы тереңирээк түшүнүктөгү максаттарга жана миссияларга байлоого түрткү берди.

Окууну бүтүргөндөн кийин мен бир нече убакыт бою Пакистандын түндүк аймактарында болдум. Мен Саламаттык сактоо боюнча Ага Хан кызматында иштедим. Мен үчүн бул мезгил маанилүү убакыт болчу. Эмне үчүн дегенде мен киши оңой менен жете албаган тоолуу аймактарда жашаган адамдардын көйгөйлөрү тууралуу жакындан билдим. Мен дагы деле өзгөчө бир контрастты сезип турам – ажайып кооздукка бөлөнгөн жерде өтө кыйын кырдаалдагы ушунчалык кыйынчылык жана тартыштык өкүм сүргөн коомчулук менен иштеп жүрдүм. Мен бийик тоолорду сүйдүм жана ал жерлерде өмүр бою калгым келди. Бирок анын ордуна мен педиатр болуш үчүн өзүмдүн кесибимди көздөп, дагы бир аз окуп, Пакистанга дагы да жакшыраак кызмат кылуу максатында Америкага сапар алдым. Мен ал жакта 11 жыл жашап калдым. Бул көп жыл мурда болгон эле. Өз жашооңду жөнгө салып жана орун-очок алыш үчүн узак мезгил болчу. Биз өмүрлүк жолдошум экөөбүз үй-бүлө курдук. Бирок мен не кыларымды билбейм турдум. Бул балдардын жугуштуу оорулары үчүн Америкада укмуштуудай таасир бере турган дарылардын үстүндө иштеп жаткан мезгил эле. Азыр ал дарылар менен ВИЧ/СПИД менен ооруган балдарды дарылашат. Бирок мен бул дарылардын жана башка каражаттардын Пакистандагы балдардын өмүрүн сактап калыш үчүн жеткиликтүү эмес экенин билип турдум.

Андыктан мен эки анжы ойдо турдум: балдардын жугуштуу ооруларынын трансформациялык доорунда ага салым кошуп Америкада калуу керекпи же Пакистанга үйгө кайтып баруу керекпи? Мен Пакистанга барууга чечим кабыл алдым. Эмне үчүн десеңер? Себеби менин кулагыма Улуу даражалуу Ага Хандын: “Пакистанга кызмат кыл!”- деген сөзү жаңырып турду. Мен жардам бере ала турганыма көзүм жетет эле. Ошондуктан бул татаал чечимди талап кылган маселе мага ошол эле учурда мен үчүн оңой болду. Бирок мен мындай чечимге келгениме эч качан өкүнгөн жокмун. Мен үй-бүлөм менен оокат-буюмдарыбызды чогултуп, үйгө карай жол тарттык.

Биздин жерде, Борбор Азияда зор көйгөйлөр бар. Климатка тийгизген таасирлердин кесепеттери бизди туш тараптан курчап турат жана бизди жашообуздун ар бир өңүтүн өзгөртүүгө сес берип турат, өзгөчө бийик тоолордун койнунда ушундай көрүнүштөр өкүм сүрөт. Маселен, мөңгүлөр эрип жок болуу коркунучунда. Барган сайын көбүрөөк жерлерибиз ээн талаа, эрме чөлдөргө айланып бара жатат. Дыйкандарыбыз сугат суунун жетишсиздигинен аргасыз түшүм алууга мажбур болуп жатышат. Балдар мектепке барыш үчүн чаң-топурак аралашкан бороондорго буюгуп көздөгөн жерине араң жетишет. Сел каптоо, көчкү жүрүү жана кургакчылык барган сайын күч алып чырмап баратат. Биз бул мээ кайнаткан ысык жана кургакчыл келечекке кантип байыр алып жашай алабыз? Бул бизден өтө оор милдеттерди аткарууну талап кылат!

Ошондуктан мен айтат элем: Орто Азияга кызмат кылгыла! Болгон күч-аракетиңерди жумшагыла!

Силердин араңардан айыл чарбасын жүргүзүүдөгү жаңы ыкмаларды ойлоп таба турган окумуштуулар, экономикалык жактан гүлдөп өнүгүү үчүн бай табигый ресурстарды кантип колдонууну көрсөтүп бере турган экономисттер, көрөңгөсү бөксөргөндө кайра орду толуп жаңыланып турган энергиянын булактары тармагында жумушчу орундарды түзө турган жана жаңы ишканаларды кура турган ишкерлер, өзгөчө кырдаалдагы аба ырайынын кубулуштарын алдын ала айтып бере турган технологияларды иштеп чыга турган компьютер боюнча илимпоздор, биздин өкмөттөрдү жоопкерчиликке чакыра турган жана биздин тарыхты дүйнө жүзүнө даңазалай турган журналисттер чыгышы толук ыктымал. Ушулардын баары силердин

басымдуу көпчүлүгүнөрдү түзөт деп бекем ишенем. Бул көйгөйлөр бир караганда тээ алыскы келечекте чечиле тургандай көрүнөт.

Менин жашоомдон бир кичинекей мисал: Пакистанга кайтып келгенимде балдарды өлүмгө дуушар кыла турган бардык жугуштуу оорулар менен күрөшкүм келди. Бирок көйгөйлүү маселелер мен ойлогондон да тереңирээк тамырлаган экен. Ошентип баардыгын нөлдөн баштаганга туура келди. Мага коомдук саламаттыкты сактоо жана жугуштуу оорулар боюнча изилдөөлөр жаатында окуу программаларын түзгөнгө туура келди. Андан соң Пакистандагы врачтардын көбүн жаңы төрөлгөн ымыркай балдардын жугуштуу ооруларына жана балдарды өлүмгө алып келүүчү ооруларды эмдөөлөрдүн жардамы менен жоюуга ынандырууга туура келди. Биз эсепсиз гранттарга долбоорлорду жаздык, көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүздүк, андан кийин бул изилдөөлөрдү бийликте тургандарга жеткирип, өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл экендигине ишендириш үчүн жасап көрсөтүп тастыктадык.

Биз тынбай күрөштүк, окуп үйрөндүк, кайра күрөш жүргүзө баштадык. Бирок биз ошол эле мезгилде бир нече жеңиштерге да жетише алдык, акырындык менен кырдаал жакшыра баштады.

Мен командам менен кошо Пакистанда көптөгөн эмдөө үчүн вакциналарды жайылтууга салым коштук. Алардын ичинде 5 түрдүү өлүмгө дуушар кылуучу оорулардан коргой турган бир эмдөөнүн түрүн да киргиздик. Бул вакциналар азыркы убакта Пакистандагы жана дүйнө жүзүндөгү миллиондогон балдарды оорулардан сактап келе жатат. Көйгөйлөр өтө курчуп турган кезде, ишти баштоо керек! Өзүңөр иштей турган чөйрөнү тандап алгыла да, кадам шилтеп алдыга жыла бергиле. Силер мунун баарын дароо жасай албайсыңар, бирок жок дегенде бир кичине кадам таштасаңар, андан кийин кадамдын артынан кадам жасап, акыры тамчы тама берип көл болгондой иш аракетиңердин жыйынтыгы болот. Нельсон Манделага таандык болгон менин сүйүктүү сөзүм бул: “Жасалып бүткөнгө чейиш баардык иштер мүмкүн эместей сезиле берет”. Пакистанда мен өзүмдүн жетишкендиктерим менен сыймыктандым. Мен өз коомума түздөн-түз таасиримди тийгизе алдым. Бирок Ага Хан Университетинин ооруканасында дагы деле оор формадагы ич келте менен сыркоологон балдарды тез-тез кезиктирип жаттым. Мен бул дарт менен ооруган ушунчалык көп балдарды дарыладым. Ага Хан Университетинде жарыялаган менин биринчи изилдөө эмгегим медик-студент кезимде дал ушул ич келтеге жана анын жеткиликтүү болгон дарыларга туруктуулугуна арналган эле. Кийинки жылдары эсепсиз оорулуу балдардын саны өсүп, дарылоонун көптөгөн варианттары чыгып, сандаган изилдөөлөр жүргүзүлүп, макалалардын саны да көбөйүп баратты. Бирок тилекке каршы ич келтени жоё турган вакцинанын эч бир белгилери табылбады. Андан соң, күтүүсүз жерден эле 2014-жылы “Билл жана Мелинда Гейтс” Фондусу мага жумуш сунуштады. Мен не кылаарымды билбей ыргылжың болуп калдым. Мага Пакистандагы ишим жагат эле. Өмүрлүк жолдошумдун иш карьерасы өз нугунда жүрүп, уулум болгону 13 жашта эле. Мен алардын жашоосуна тоскоол болгум келбей, көңүлүм чаппай турду. Бирок кайрадан Улуу даражалуу Ага Хандын үнү жаңырып жатты: “Пакистанга кызмат кылгыла!”. 20 жыл мурда бул сөз үйгө кайтуу дегенди туюндурат эле. Бирок мен бул жолу үйдөн кайра сапарга чыгуу керек дегенди аңдап түшүнө баштадым. Бул жаңы роль менен мен бар болгон акыл-оюмду жана ресурстарымды ич келтеге каршы вакцинаны иштеп чыгууга багыттай алат элем. Ошентип кайрадан Америкага кайтып бардым. 2019-жылы 34 жылдан кийин ич келте менен ооруган Пакистандагы биринчи бейтабымды дарылаган соң, кирешесинин деңгээли төмөн өлкөлөрдөгү ич келтеге каршы

коньюгирленген вакцинаны дүйнө жүзүнө алып чыгып сунуш кылдык. Балдарга акысыз эмдеткен биринчи өлкө катары Пакистан эсептелип калды.

Урматтуу 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрү! Силердин университет чындыгында эле өзгөчө жай. Көз жоосун алган кооздугу, дем-күч берип шыктандырган профессорлору жана өмүр бою кол үзбөй турган досторуңар болгон үчүн эле эмес, бул жерде аялдар менен эркектер теңдикте болгон үчүн. Тилекке каршы, бул маселеде дүйнө БАУну кубалап жете алган жок.

Силер бул жерден жүгүңөрдү жүктөп, диплом алып жөнөп кеткен соң, турмушта ар кыл тоскоолдуктарга кез келесиңер. Дал ошол бөгөттөрдүн ичинен силер качып кутула албаган маселе – бул силердин жынысыңарга байланыштуу болот.

Урматтуу айымдар! Силер ушундай маселелерге көп дуушар болосуңар. Мен жардам көрсөтүш үчүн колумдан келгендин баарын жасадым. Пакистандагы студенттерге насаатчы да болдум. Гейтс фондусунда аялзатынын жетекчилик кызматка баруу жолуна багыт көрсөтө турган программаны түздүм. Анан 3 жыл мурун, менин жетекчилерим Билл жана Мелинда Гейтс мага жаңы жумуш сунушташты. Ал жакта менин негизги максатым – аялдар менен кыздарга бут тосуп жолтоо болуп жаткан тоскоолдуктарды жеңүү гана милдети болмок. Мен ооба деп макул болдум. Демек, менин Гейтс Фондусунун гендердик теңдик бөлүмүнүн башчысы катары биринчи силерге жолдомом – ооба деп жооп берүү. Ошондой эле эркектерге сый-урмат көрсөтүлүп жана мүмкүнчүлүктөр түзүлгөндөй эле аялзатына да шарттарды түзүү натыйжа катары эсептелет. Эми силер гендердик теңчилик чөйрөсүндө жашаган соң, ушул кайрат менен дүйнө жүзүнө сапарга чыгышыңарды каалайм. Жашооңордо аялдардын да, эркектердин да укуктарын коргогула. Өз потенциалын толук жайылтыш үчүн эгерде аял менен эркекке бирдей мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн болсо, анда кандай көйгөйлөрдү чечүүгө боло турганын баарыбызга далилдеп көрсөткүлө.

Урматтуу 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрү!

Ишти баштоого мезгил жетти. Бир нече он жылдыктан кийин бүгүнкү күнгө карата жөн гана кусалык менен кылчайып карабайсыңар. Силер кандай прогрестерге жетишкендигиңерге суктануу менен карайсыңар деп ишенем. Силер эми талыкпай эмгектенесиңер деп үмүт кылам. Эгерде иштер тескери кете турган болсо, силер тырышчаактык менен жан үрөп алдыга карай жыла бересиңер. БАУдан алган билим менен тажрыйбаны колдонуп, айланаңардагы адамдардын жашоосун эң мыкты деңгээлге жеткирип жана андан дагы ары карай кете аласыңар деп ойлойм. Силер кызмат кылуу чакырыгына жооп бересиңер жана аны жол көрсөтө турган жылдыз катары эсептейсиңер деп терең ишенем.

Урматтуу бүтүрүүчүлөр!

Көп адамдар бүгүн дүйнө ыйлай тургандай аянычтуу абалда турат деп кеп кылышат. Бирок мен жогоруда баса белгилегендей, түбөлүктүү оптимистмин. Менин көз алдымда турган нерселердин баардыгы – булар убада, потенциал жана эң мыкты иштерди жасай ала турган адамдар. Эртеңки күн-жаңы иштердин башаты. Силердин алгачкы кадамды шилтей турганыңарды чыдамсыздык менен күтүп жатам. Бул диплом тапшыруунун аземинде салтанаттуу сөз сүйлөөгө берген

мүмкүнчүлүгүңөргө ыраазымын. Ошондой эле силердин дүйнө жүзү үчүн кыла турган жакшылыктарыңарга да ыраазычылык билдирем.

Дагы бир жолу куттуктайм!